КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЧҮЙ ОБЛУСУНУН
АЛАМҮДҮН РАЙОНУНУН
ТАШ- МОЙНОК АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
ТАШ-МОЙНОКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Таш –Мойнок айылдык кенешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги отуруму**

## ТОКТОМ № 131

«29» 06 2023-жыл Кой-Таш айылы

**Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясын каттоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесине ылайык, аткаруу комитетинин төрагасы А.П.Дегембаеванын 2023-жылдын 16-июнундагы кайрылуу катын карап чыгып жана талкуулап, АКИАнын уставдык ишин жүргүзө турган аймакты аныктоо боюнча жана айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын Уставын каттоодон өткөрүү жөнүндө Таш-Мойнок айылдык кенешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Таш- Мойнок айыл аймагы Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациянын (мындан ары – АКИА) уставдык ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн чекара катары аныкталсын.
2. Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациянын уставы тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Бекитилген Уставдын жана Протоколдун негизинде АКИА Аламүдүн районундагы Таш-Мойнок айыл аймагынын айылдык кенешинде каттоодон өткөрүлсүн:
4. Айыл өкмөтү АКИАга жана анын аткаруу комитетине анын Уставына жана кызматташуу келишимине ылайык Таш Мойнок айыл аймагынын аймагында анын ишин жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтсүн:
5. Ушул токтом Таш - Мойнок айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялансын:
7. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Юстиция башкармалыгында каттоодон өткөрүлсүн:
7. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Таш – Мойнок айылдык кенешинин бюджет жана каржы боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Б.С. Асанкуловго жүктөлсүн.

**Төрайымы** **Осмонкулова А.Ж.**

Көчүрмөсү анык,
текшерүү катчы: